| | |
|---|---|
| М-2024-0010<br>(Документтин шифри)<br>6<br>(Беттин саны)<br>20.06.2024<br>(Бекитилген датасы) | Ош мамлекеттик университетти<br><br>ОшМУнун Квалификацияны жогорулатуу борборунун ишмердиги жөнүндө жобо |

**БЕКИТЕМИН**
**ОшМУнун ректору, профессор**
**__________К.Г. Кожобеков**
**______06_____2024-жыл**

# ОшМУнун Квалификацияны жогорулатуу борборунун ишмердиги жөнүндө жобосу

**Ош-2024**

## ЧЕНЕМДИК ДОКУМЕНТТИН ПАСПОРТУ

| | |
|---|---|
| Документтин аталышы | ОшМУнун Квалификацияны жогорулатуу борборунун ишмердиги жөнүндө жобосу |
| Документтин түрү | Жобо |
| Бекитилген күнү | 20.06.2024 |
| Документтин шифры | M-2024-0010 |
| Документтин кыскача аннотациясы | Бул документ ОшМУнун Квалификацияны жогорулатуу борборунун ишмердигин, ишмердиктин багыттарын, максаттарын, милдеттерин аныктап турат. Жобо университеттин башкаруу системасынын документи болуп эсептелинет. |

## ДОКУМЕНТТИН МАЗМУНУ



| | |
|---|---|
| Титулдук барак | 1-бет |
| Ченемдик документтин паспорту | 2-бет |
| Жалпы жоболор | 3-бет |
| Борбордун каржылык ишмердүүлүгү уюштуруу иштери, максаты, милдеттери | 4-5-бет |
| Борбордун структурасы | 6-бет |

| | |
|---|---|
| *(Документтин шифри)* | Ош мамлекеттик университетти |
| *(Беттин саны)* | ОшМУнун Квалификацияны жогорулатуу борборунун ишмердиги жөнүндө жобо |
| *(Бекитилген датасы)* | |

Бул Жобо Ош мамлекеттик университетинин (мындан ары - университет) ОшМУнун Квалификацияны жогорулатуу борборунун (мындан ары борбор) каржылык ишмердүүлүгүнүн укуктук, уюштуруучулук негиздерин жана максаттарын, ишмердүүлүктүн багыттарын, структурасын, кызматкерлердин укук-милдеттерин аныктап берет.

## 1. Жалпы жоболор

1.1. Квалификацияны жогорулатуу борбору 2023-жылдын 15-сентябрындагы №4175 - ФХО/23 "ОшМУнун Квалификацияны жогорулатуу борборун түзүү тууралуу" буйругу менен түзүлүп, ректордун буйругу менен дайындалган борбордун директору жетектейт.

1.2. Борбордун иштөө убактысынын тартиби, кызматтык милдеттери директор тарабынан аныкталып, ректор тарабынан бекитилген ички эмгек тартип эрежесине ылайык аныкталат. Жумасына 6 күндүк иштөө тартибинде 9:00-17:00, түшкү тамактануу үчүн тыным 12:00-13:00, ишемби күнү 9:00-13:00.

1.3. Борбор өз ишмердигин жүргүзүүдө төмөнкү документтерди жетекчиликке алат:

- Кыргыз Республикасынын Конституциясы;
- тиешелүү маселелерди жөнгө салуу КРдин укуктук жана нормативдик актылары;
- Республикасынын Билим берүү жөнүндө мыйзамы жана мыйзам алдындагы актылар;
- Ош мамлекеттик университетинин Уставы;
- Университеттин стратегиялык программасы;
- Университеттин стратегиялык приоритеттерине жетишүүнүн жол картасы;
- 
- Борбордун кызматкерлеринин функционалдык милдеттерин аныктап турган кызматтык көрсөтмөлөр, университет менен кызматкерлердин ортосунда түзүлгөн эмгек келишими.

## 2. Каржылык ишмердүүлүктү жүргүзүү

2.1. Квалификацияны жогорулатуу борбору жөнүндөгү Жобого толуктоолорду жана өзгөртүүлөрдү киргизүү аныкталган тартипте ОшМУнун ректорунун буйругу аркылуу жүргүзүлөт.

2.2. Квалификацияны жогорулатуу борбору өзүнүн финансылык-чарбалык ишмердүүлүгүн ОшМУнун борбордук бухгалтериясы аркылуу ишке ашырат. Борборду каржылоо булактары угуучулардын төлөмдөрүнөн, университеттин максаттуу келишимдик иштерди аткарууга бөлүнүүчү ички каражаттарынан, ошондой эле грант берүүчүлөрдүн жана коммерциялык түзүмдөрдүн каражаттарынан түзүлөт.

2.3. Квалификацияны жогорулатуу борборуна, окутуучу-тренерлерине акы төлөп берүү (Ош мамлекеттик университетинде коммерциялык ишмердүүлүктү жүргүзүү боюнча жобонун (долбоор 24.11.2023.) негизинде жалпы сумманын 70% пайызын түзөт жана ОшМУнун пландоо финансылык бөлүмү менен биргеликте түзүлгөн тарифтик чендин (калькуляция) негизинде курс уюштурулуп, тренерлерге акы төлөп берүү жүргүзүлөт.

## 3. Курстарды уюштуруу

3.1 Курс уюштуруу билим берүү мекемелеринин кайрылуу муктаждыктарына жана КЖБ өзү сунуштаган тематиканын негизинде уюштурулат;

3.2 Тайпадагы угуучулардын саны (15 угуучу) бекитилген тарифтик чende көрсөтүлгөн угуучунун санына бир же эки катышуучу жетпей калса да курсту уюштуруу укугуна ээ.

3.3 Тренерлер угуучулар тандап алган тематикага жараша курстарды өткөрүү билимине, программасына, окутуунун жаңы технологиясын билүүсүнө, тажрыйбасына, кесиптик чеберчилигине ж.б.у. жараша ОшМУнун жана башка жогорку билим берүү мекемелеринен тандалат.

## 4. Квалификацияны жогорулатуу борборунун максаты.

4.1 Квалификацияны жогорулатуу борбору КРнын билим берүүсүнө тиешелүү укуктук-ченемдик документтердин, Билим берүү жана илим министрлигинен алынган лицензиялардын негизинде иштелип чыккан окуу программаларынын, угуучулардын суроо талаптары боюнча түзүлгөн программалардын негизинде ишмердүүлүгүн жүзөгө ашырат.

4.2 Максаты:

- Билим берүү тармагында кесипкөйлүк компетентүүлүктү жогорулатууга көмөктөшүү. Кесиптик чеберчилигин өркүндөтүү;
- кошумча билим берүүнүн негизинде адистердин билимин өркүндөтүү;
- билим берүүдөгү инновациялык жетишкендиктерди, жаңы технологияларды пайдалонуу көндүмдөрүн өрчүтүү;
- Жарандардын муктаждыгына жараша окуу курстарын уюштуруу;
- өлкөнүн өнүгүүсүнө салым кошуу.
- Билим берүүдөгү эл аралык тажрыйбаны колдонуу жана жетишкендиктерди үйрөтүү, ата мекендик жана эл аралык уюмдар менен кызматташуу.

4.3 Борбор ОшМУнун кошумча профессионалдуу окутуу борборунун функцияларын тандоо системасын, окутууну, чыгармачыл жаштарды колдонуу жана аймактагы бизнес-чөйрө менен өз ара аракеттешүүнү камсыздоо аркылуу ишке ашырылат.

## 5. Квалификацияны жогорулатуу борбордун негизги милдеттери

5.1 Жогорку максатка жараша төмөндөгүдөй милдеттерди ишке ашырат:

- квалификацияны жогорулатуу борборуна кайрылган, жашы чектелбеген, КР жана чет өлкөлүк жарандарды окутуу жана квалификациясын жогорулатуу;
- окутуунун жана тарбиялоонун системасын жакшыртууга көмөктөшүү;
- окуу процессине инновациялык технологияларды колдонууну киргизүү;
- семинер-тренингдерди өткөрүү;
- чет өлкөлүк жана эл аралык мекемелер, юридикалык жактар жана жеке адамдар менен окуу-усулдук байланыштарды ишке ашыруу, келишимдик негизде кадрлардын квалификациясын жогорулатуу;
- борборго жүктөлгөн милдеттерди ишке ашыруу үчүн зарыл болгон башка функцияларды аткаруу

## 6. Борбордун структурасы

6.1 Квалификацияны жогорулатуу борборунун штатттык бирдиги.

- Директор -1 ставка
- Жетектөөчү адис – 1 ставка
- Методис -2 ставка
- Иш жүргүзүүчү -1 ставка

Квалификацияны жогорулатуу борборунун директору, борбордун жетектөөчү адиси менен борбор тарабынан уюштурулуучу курстарды уюштурууга, өткөрүүгө көмөктөшүү менен түрдүү тематикадагы иштердин квалификацияларын өстүрүүчү курстарды уюштурат. Жарнак иштерине, сапат иштерине мониторинг жүргүзүп, түрдүү локациядагы жумуштарды аткарат.

Квалификацияны жогорулатуу борборунун методистери педогогикалык эмес адистиктер боюнча чеберчиликти жогорулатууну үзгүлтүксүз жүргүзөт. Мектепке чейинки, мектептик билим берүү, атайын кесиптик билим берүү жана жогорку окуу жайлардын окутуучу мугалимдери үчүн курстарды уюштурат, алардын муктаждыктарын аткарат, аларды чечүүнүн үстүнөн иштейт. Мындан сырткары окутуучулар жана студенттер үчүн өнүктүрүүчү иш-чараларды жүргүзөт. Коомчулук, ата энелер жана башкалар менен тиешелүү окутуу формасын уюштурат. Борбордун кызматкерлеринин кызматтык милдеттери улам сапатка карап өркүндөө менен процесс учурунда улам такталып барат.

Квалификацияны жогорулатуу борборунун иш кагаздарын жүргүзүүчү документациялык жумуштарды аткарат.

**Квалификацияны жогорулатуу борборунун дареги - Ош ш., Ы. Монуев көчөсү- 35а;**